Бекитемин: Мектеп директору:

А. Ашырбекова

**Э.Даникулов атындагы №24 Кызыл-Капчыгай жалпы орто билим берүүчү мектебинин Жаңы жылдык иш-чараны өткөрүү жөнүндө инструктаж**

1.Коопсуздуктагы жалпы талаптар:

1.1. Ушул инструкция Кыргыз Республикасынын Өрт коопсуздугунун талаптарынын мектептин кызматкерлери аткарууга милдеттендирүү максатында түзүлгөн.

1.2.Жаңы жылдык иш-чарага мектептин бардык кызматкерлери жана окуучулар инструкция өткөндөн кийин гана киргизилет.

1.3.Мектептин жетекчиси белгилеген мөөнөттө эмгекти коргоо боюнча инструктажды каттоо журналы, эреже жана өрт коопсуздугуна каршы инструктаж өткөрүлөт.

1.4.Өрт коопсуздугунун ченемдерин бузганга күнөлүүлөр мыйзамдардын негизинде кылмыштык, административдик,тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

2.Өрт коопсуздугун камсыздоочу иш-чараларды уюштуруу

2.1.Жаңы жылдык массалык иш- чараны өткөрүүдө имараттын өрт коопсуздугуна каршы абалына жоопкерчилик чарба башчысы, иш-чараны өткөрүүгө жооптуута, класс жетекчилерге жүктөлөт.

2.2.Имараттын ичи дайыма таза турушу керек.

2.3.Эвакуациялык жолдор, коридорлорду тозулушуна жол берилбейт.Эвакуациялык чыгуучу жерлер ичинен гана жеңил конструкция менен жабылат.

2.4.Имараттын ичиндеги өрт крандары жеңдер жана түрткү менен жабдылып, шкафка салынып, пломб басылат.

2.5.Өрт өчүрүүчү каражаттар (өрт өчүргүчтөр күндүн нуруна тийбеген,иштеп турган) оңой жете турган жерде жайгаштырылышы керек. Өт жагуучу айрым шаймандар.

2.6.Жаңы жылдык массалык иш- чара бүткөндө жооптуулар имараттын ичин текшерип, андан кийин электр тогуна туташтырылуучу каражаттарды өчүрүп, сууруп, жабышы керек.

2.7.Бузулган электр булагына туташтырылган каражаттарды өрт чыгарууга жеткирбей өчүрүү керек.

3.Тыюу салынат:

- имараттын ичинде ширеңке чагууга, бенгал отторун күйгүзүүгө, күйүүчү каражаттарды колдонууга;

- имараттын ичин жасалгалоодо жана даярдоодо күйүүчү материалдарды колдонууга, күйүүчү материалдан маскараддык костюм тигүүгө;

- мектептин ичинде тамеки чегүүгө;

- имараттын ичинде жеңил же оңой күйүүчү, эрүүчүүчү суюктук жанка материалдарды сактоого;

- электроприборлорду булактарда карабай калтырууга,кубаттуулук регулятору жок приборлрду колдонууга;

- кол менен жасалган кабелсиз сактагычтарды колдонууга;

4. Өрт чыккандагы аракеттер

4.1.Өрт чыкканда төмөнкү аракеттер жүргүзүлөт:

- жакын жердеги 101 телефонуна өрт чыккан боюнча кайрылуу; - калкка өрт чыккан боюнча тез билдирүү;

- эвакуациялык жолдорду ачуу,имараттан элди эвакуациялоо, имараттын эшик, терезелерин талкалоонун кажети жок болсо, талкалабай туруу, өрттүн жана түтүндүн андан башка бөлмөлөргө жайылып кетүүсүнө жол бербөө, имараттан кетип жатып,эшик жана терезелерди жабып кетүү;

- имараттан баалуу буюмдарды чыгаруу;

- мугалимдер жана техникалык персоналдардын, өз эрки менен түзүлгөн дружинанын күчү менен биринчи керектүү болгон өрт өчүрүүчү каражаттардын жардамы менен өрт өчүрүү;

4.2.Иш-чаранын жетекчисинин милдеттери: - өрт чыгуу боюнча өрт коопсуздугун камсыздоочу бөлүмгө,жогорку органдарга билдирет;
- адамдардын өмүрүнө коркунуч келген учурда, аларды сактоо боюнча ишти уюштурат;

- имараттын энергия камсыздыгын өчүрөт;

- имараттын ичиндеги өрт өчүрүүчү иш-чаралар менен байланыштуу болгон иштерден башка иш-чаралардын бардыгын токтотот;

- өрт өчүрүүдө катышпаган адамдардын бардыгын коопсуз зонага көчүрөт;

- өрт өчүрүүгө катышып жаткан бардык адамдардын коопсуздугун камсыздоо талаптарын аткаруу;

- материалдык баалуулуктардын бардыгын сактайт жана эвакуациялоону уюштурат;

- өрт коопсуздугун камсыздоочу бөлүмдүн келишин уюштурат

Бекитемин: Мектеп директору:

А Ашырбекова

## Э.Даникулов атындагы №24 Кызыл-Капчыгай жалпы орто билим берүүчү мектебинин Өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө инструкциясы

**1. Коопсуздуктун жалпы талаптары.**

1.1. Ушул инструкция Кыргыз Республикасынын Өрт коопсуздугунун эрежелеринин талаптарынын негизинде түзүлгөн жана мектептин кызматкерлери жана окуучулары аткарууга милдеттүү;

1.2. Өрт коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрүлгөндөн кийин мектептин кызматкерлери жумушка киргизилет жана жаңы жумушка которулганда кошумча өрт коопсуздугу боюнча билим берилет;

1.3. Эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук боюнча журналга инструктаж өткөрүлгөндүгү боюнча кызматкерлер белгиленет;

1.4. Өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндөгү инструкция бузулганда, күнөлүүлөр Кыргыз Республикасынын административдик,кылмыштык, тартиптик мыйзамдарынын чегинде жазага тартылат;

**2. Өрт коопсуздугун камсыздоо боюнча уюштуруу иш- чаралар:**

2.1. Класс- кабинеттердин өрткө каршы абалын камсыздоо жоопкерчилиги кабинет башчыларына жүктөлөт. Коридор, минизалдардын, фаенин өрткө каршы абалынын жоопкерчилиги чарба башчысына жүктөлөт.Мектептин жумуш эмес учурундагы өрткө каршы абалынын жоопкерчилиги кароолчуга жүктөлөт;

2.2. Мектептин аянтынын абалы дайыма таза болушу керек.Мектептин аянтынан дайыма чыккан таштандылар, кургак жалбырак, чөптөр мектептин сыртына ташылып кетиши керек;

2.3. Мектептин ички бөлүгү дайыма таза болуп турушу керек.Эвакуациялык жолдорду, өтүүчү жолдорду тосууга тыюу салынат.Эшиктер тез ачыла тургандай жасалышы керек.Терезелер, эшиктер тордолбойт;

2.4. Өрт крандары кол кап таякчалары менен жабдылып,шкафтарга пломбланып салынышы керек;

2.5 Мектептин ичиндеги крандар техникалык кызматтан жыл сайын өткөрүлүп, сууну кое берүү жолу менен иштегендиги текшерилип турат;

2.6. Өрт автоматикасын орнотуу автоматтык абалда эксплуатацияланат жана сутка ичинде жумушка жөндөмдүү болушу керек;

2.7. Өрт өчүрүүчү шаймандар оңой, күндун нуру тийбеген, балдардын бою жетпегендей жерде болушу керек;

2.8. Сабактар бүткөндөн кийин мектептин кызматкерлери өздөрүнүн жооптуу кабинеттерин, коридорлорду дыкат текшерип, андан кийин жабат;

2.9. Бузулган электр булактарын жана электр жабдууларын өрт коопсуулугуна жеткирбей өчүрүү же колдонбоо зарыл;

## 3.Тыюу салынат:

-мектептин тегерегинде таштандыны өрттөгөнгө жана от жагууга;

-мектептин аянтында тамеки тартууга;

-кир кургатууга, кампа, архив курууга;

-мектептин имаратында кызмат көрсөтүүчү персоналдарга жана башка адамдарга жашаганга;

-имараттын ичинде тез күйүүчү материалдарды, күйүүчү суюктуктарды сактаганга жана колдого;

-дубал жана шыптарды күйүп кетүүгө жөндөмдүү материалдар менен жасаганга;

-эвакуациялонуучу эшиктерди мык менен урганга;

-электржабдыктарын иштетип таштап кетүүгө;

- колго жасалган электротехникаларды колдонгонго;

-ачык күйгүзгүч жана өчүргүчтү колдонгонго;

**4.Авариялык абалдагы коопсуздуктун талаптары :**

4.1. Электр колдонгучтар бузулганды көргөндө ( жалын чыкканда,жабдыктар күйүк жытганганда, катуу ысып кеткенде) тезинен мектеп администрациясына билдирүү керек;

4.2. Электрприборлор күйүп, жыттанып кеткенде батыраак электр булагынан өчүрүү керек, өрт чыгып кетсе, тез арада жакынкы өрт өчүрүүчү бөлүмгө билдирүү керек жана өрт өчүрүүчү шаймандарды, кумду колдонуу керек;

4.3. Эгерде лабораторияда идиш сынса аны щетка жана калак менен кармоо керек;

4.4. Сынык,күйүк болгон кезде 1-медициналык жардамды берип, мектеп администрациясына билдирүү керек;

**5. Жумуш бүткөндөгү коопсуздуктун талаптары:**

5.1. Электрприборлорун ток булагынан жана сайгычтардан өчүрүү керек;

5.2. Лабораториялык шкафка приборлорду киргизип, жумушчу орунду тазалап, ирээттеп кетүү керек;

5.3. Атайын кийинүүчү форманы чечип, колду самын менен таза жуу;

Бекитемин: Мектеп директору:

А.Ашырбекова

# Э.Даникулов атындагы №24 Кызыл-Капчыгай жалпы орто билим берүүчү мектебинин кызматкерлери үчүн киришүү инструктажынын программасы

1. Райондун билим берүү түзүмүндө мектеп жөнүндө маалымат жана анын орду

1.1. Мектептин Уставы.

1.2. Райондун билим берүү бөлүмүнүн түзүмү.

2. Эмгек укуктарынын негизги жоболору

2.1 .КР Эмгекти коргоо мыйзамдарындагы негизги жобо.

2.2. Мектептин ички эмгек тарибинин эрежелери жана түзүмдөрдүн жетекчилеринин эрежелерди сакташы.

2.3. Жумуш күнү жана эс алуу убактысы.

2.4. Жумуш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек келишими боюнча мамилелери жана келишимди түзүү тартиби, келишимди сактоо тартиби.

2.5. Жамааттык келишим жана аны аткарууга жоопкерчилик.

2.6 .Жамааттын өкүлчүлүгүнүн жоопкерчилиги. 3.Эмгектин корголушунун негизги укуктары.

3.1. "КР Эмгекти коргоо негиздери жөнүндө" мызамдардын талаптарынын негиздери жөнүндө.

3.2. Эмгектин корголушу боюнча кызматкерлердин укуктары жана милдеттери.

3.3. Мектептин жетекчисинин кызматкерлердин эмгекти корголушу боюнча милдеттери.

3.4. Мектептин түзүмдүк бөлүкторүнүн жетекчилеринин кызматкерлердин эмгекти корголушу боюнча милдеттери.

3.5. Окуучулардын эмгектин корголушу боюнча өзгөчөлүгү.

3.6. Мектептин эмгектин корголушу боюнча административдик-коомдук көзөмөлү.

4. Мектептин эмгекти коргоо иштерин уюштуруу.

4.1 .Мектептин кызматкерлеринин эмгекти коргоо боюнча негизги документтери (анын адистиги боюнча инструкция, аткарылуучу иштин түрү боюнча инструкция, киришүү инструкциясы боюнча журнал)

4.2 .Эмгектин корголушу боюнча инструкция жана эрежелерди иштетип чыгаруунун тартиби.

4.3. Эмгектин корголуш шарттары боюнча жумушчу орундарын аттестациялоонун тартиби.

4.4. Мектептин администрациясын, кызматкерлерин эмгектин корголушунун эрежелерин уюштуруу жана тартиби, эмгектин корголушу боюнча билимдерин текшерүү.

4.5. Эмгектин корголушунун инструктаждарынын түрлөрү,аларды өткөрүү тартиби,каттоо.

4.6 .Эмгектин корголушунун талаптарынын аткарылышын жана документтерди көзөмөлдөө.

4.7. Мектепти жаңы окуу жылына карата даярдыгынын тартиби жана класскабинеттердин, спортзалдын, мастерскойлордун документтердин даярдыгынын жыйынтыгы.

4.8. Кызматкерлерди жана окуучуларды санитардык-гигиеналык камсыздоо.

5. Коркунучтуу жана зыяндуу шарттарда иштеген жумуш орундары.Кызматкерлерди жана окуучуларды коргоо чаралары.

5.1. Коркунучтуу факторлорду классификациялоо.

5.2. Имаратты, инженердик коммуникацияларды кабыл алууда, мектептин коопсуздугунун талаптары.Алардын техникалык абалына көзөмөл жүргүзүү.

5.3. Мектептин класс-кабинеттери, спортзалы, лабораториялары,кухнясынын жабдыктарынын коопсуздугун жалпы талаптары.

5.4. Электр коопсуздугу боюнча талаптар.Электр жабдыктарын кабыл алуунун эрежелери